**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**

**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**

**№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ-ТАШ**

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Чоң Дөбө к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Чоң Дөбө №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

«28» 12 2022-ж. №48

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында 2022-жылдын июнь айына карата жылдык отчет боюнча баардыгы 142 окуучу окуп билим тарбия алышты. Жыл жыйынтыгы менен окуучулардын жалпы билим сапаты жалпы 58% түздү.
-Башталгыч класстар – 64%
-5-9-класстардын билим сапаты -57%
-10-11-класстардын билим сапаты -39%
Олимпиада боюнча 2021-2022-окуу жылында олимпиаданын мектептик турунан жеңген 10 окуучу олимпиаданын райондук туруна катышып 1(бир) окуучу Орус тили жана адабияты предметинен 3-орунду ээледи.
2021-2022-окуу жылында №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектеби "Окуу керемет" долбооруна кирип, долбоор боюнча жалпы 4 мугалим онлайн жана офлайн курстардан өтүштү. 2021-2022-окуу жылында жалпы мектеп боюнча 13 мугалим курстан өтүштү. Райондук билим берүү бөлүмүнүн иш планынын жана мектептин иш планынын негизинде райондук деңгээлде "Окуу керемет" долбоорунун алкагында башталгыч класстар бирикмесиндеги мугалимдер тарабынан "Диференциалдык окутуу" деген темада мыкты семинар өтүлдү. Андан тышкары бирикмелер боюнча " Окуучулардын билим сапатын көтөрүү, санарип сабактар, окутуунун жаңы инновациялык технологиялары, иш тажрыйбаларын жайылтуу" деген тема боюнча 15-апрелден 15-майга чейин бир айлык иш чара жарыяланып үлгүлүү ачык сабактар өтүлдү. Ушул иш чаранын негизинде 2022-жылдын 28-апрелинде мектепте жаш мугалимдер арасында " Мыкты мугалим -2022" сынагы өтүп, өзүн тааныштыруу, ачык сабак жана мастер класстар өтүлдү. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы менен 9-класстын эки окуучусу Умид кызы Нурай жана Абдыманап кызы Динара кызыл күбөлүккө көрсөтүлдү.
Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн "Мунара билим" билим берүү комплекси тарабынан PISAга даярдык көрүү боюнча 24-май күнү 3-8-класстарга предметтер боюнча тест алынып жалпы билим сапаты 57% түздү. Ал эми PISA боюнча билим сапаты 39%болду. ЖРТга окуучуларды даярдоо боюнча кошумча расписание түзүлүп, предметтик мугалимдер тарабынан даярдалды. Мындан сырткары төмөндөгү окуучулар атайын курстардан өтүп келишти.

| № | Окуучунун аты, жөнү | Даярданган дареги | Предметтер | Азыркы учурда даярдаган мугалим |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бакытбек кызы Санира | 01.01.2022 SEKOM Байтик баатыр №71 | Математика | Таңырыкова Таалай |
| 2 | Жайлообекова Элита | 01.01.2022 SEKOM Байтик баатыр 71 | Кыргыз тил | Мааткеримова Гүлсаада |
| 3 | Жанарбек кызы Айназик | 12.01.2022 ЦООМО Казарман | Тарых | Манапбаева Кардыгач |
| 4 | Кубанычбекова Айтегин | 12.01.2022 ЦООМО Казарман | Орус тил | Карагулова Айзада |
| 5 | Умид уулу Нурболот | 12.01.2022 ЦООМО Казарман | Биология | Сатарова Махабат |
| 6 | Темирбекова Жазира | Мектептен | Кыргыз тил | Мааткеримова Гүлсаада |

Быйылкы окуу жылында жалпы 6 окуучу ЖРТ га тапшырышты. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылы балдардын жана өспүрүмдөрдүн жайкы эс алуусун уюштуруу боюнча буйругунун негизинде мектепте "Окуу жана эсеп" лагери уюштурулуп 2022-жылдын 10-июнунан 21-июнуна чейин 2 групада жалпы 42 окуучу тарбияланышты. Бул лагерге "Окуу керемет" долбоору тарабынан конц.товар менен каржыланды.
2021-2022-окуу жылына карата 1-4-класстарга ысык тамак берүү боюнча БУУДАТП проектисине ылайык Айыл өкмөт менен биргеликте мектептин бир комнатасын балдар үчүн талапка ылайык ашкана жасоо үчүн төмөндөгүдөй иш аракеттер жүргүзүлдү.
Мектептин жаңы корпусунун ичинен 1-4-класстар үчүн балдар тамак ичүүчү бөлмө жана тамак жасоочу бөлмө жасоо үчүн Тогуз-Торо райондугу "Казарман коомдук фонду" тарабынан 81860(сексен бир миң сегиз жүз алтымыш) сом, Атай үрөөнчүлүк чарбасы тарабынан 25 000 (жыйырма беш миң ) сом, ата-энелер жана мугалимдер 8000 сом акча каражатын кошуп жалпы 114 860 (жүз он төрт миң сегиз жүз алтымыш) сомго талапка ылайык ашкана жасалды. Мындан сырткары бөлмөнү жасоо үчүн өздүк салым катары мектептин тех.кызматкерлери тарабынан жумушчу күч ирээтинде жардамдар көрсөтүлдү.
Ашкана талапка ылайык жасалгандан кийин БУУДАТП тарабынан балдарга ысык тамак берүү үчүн 450 000 сомдук оборудование менен камсыз болду. Мындан сырткары балдарга ысык тамак берүү үчүн БУУДАТП тарабынан ун берилип турду. Бул долбоордун максаты менен окуучуларга ысык тамак берүү үчүн ата-энелер тарабынан айына ар бир балага 100 сомдон акча каражаты чогултулуп ысык тамак берилди. **Мындан сырткары Атай айыл өкмөтү менен бирдикте мектепке жаңы ашкана жана китепкана куруу боюнча 9 000 000(млн) сомдук проекти өткөрүлүп, Тогуз-Торо райондук өнүктүрүү фонду тарабынан фундаменти, дубалы, чатыры бүткөрүлдү. Калган жумуштары СтимГрант аркылуу акча каражат бөлүнүп иш жүргүзүлүп жатат. 2022-2023-окуу жылына жаңы ашкана менен китепкананын курулушу бүткөрүлүп ишке берилүү алдында турат.**
**-2021-2022-окуу жылында мектептин окуу китептеринин жалпы фонду 2412. Анын ичинен ижарага берүү үчүн келген китептердин саны 316. Мектепте ижарага берилген 201 китеп окуучуларга таркатылып кайра жыйналып алынды. Окуу китептеринин фондунун камсыз болушу 88%ти түздү. Окуучуалдын окуу китеп менен камсыз болушу 59%. Мугалимдер үчүн методикалык китептер 44. Ошондой эле окуучулар үчүн 122 жомок китеби бар.**
№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2021-2022-окуу жылына карата тарбия иштери боюнча тарбия завуч Алмазбек кызы А. тарабынан жылдык иш план түзүлүп, ошонун негизинде иш чаралар аткарылды. Түзүлгөн иш пландын негизинде ата-энелер чогулушутары өтүп, убагы менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду.
23-октябрь Эл аралык Ак илбирс күнүнө карата "Кан-Ачуу" мамлекеттик жаратылыш паркы уюштурган "Ак илбирсти сактайлы!" аттуу сүрөт сынагында 5-класстын окуучусу Жолдошбекова А. 3-орунду камсыздап, акылдуу саат жана китептер менен сыйланды.
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22. 09. 2017-ж №600 "2018-2022-жылдарга Спорттук Кыргызстан программасын ишке ашыруу" жөнүндө токтомунун негизинде 2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасы боюнча "Мектеп лигасы"

Scanned by TapScanner

уюштурулгандыктан, дене тарбия мугалими Турапбаев М тарабынан иш план иштелип чыгып, мектептен волейбол боюнча балдар жана кыздар командасы болуп 2 команда түзүлүп чыкты. Алардын катталуу акысын мектептин дене тарбия мугалимдери Турапбаев М. жана Жоламанов А. камсыздашты. Мектеп лигасы 2021-жылдын сентябрь айынан баштап, 2022-жылдын февраль айында аяктады. Бул лиганын райондук этабында волейбол боюнча мектептин кыздар командасы 2-орунду камсыз кылышты. (5команда менен ойноп, 4 команданы утушту). Мындан тышкары мектепте ар кандай спорттук иш чаралар аткарылып келет.

2021-жыл "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы" жылы деп жарыяланып, ошол жарлыктын негизинде "Ден соолугу чын адам-өнүккөн өлкө программасына" мектепте бир жылдык иш план иштелип чыкты. Иш пландын негизинде иштер аткарылып, "Биринчи байлык-ден соолук", "Кир кол-жугуштуу оорунун булагы" деген темада тарбия сааттар өткөрүлдү. Андан тышкары "1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө" карата жыл сайын. Бир айлык өнөктүк жарыяланып, ошол убакыттын ичинде Айылдык ФАПтын медайымы Саралаева Р. тарбынан СПИД, АИВ-инфекциясы боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Андан тышкары "СПИД-кылым коркунучу"-деген темада тарбия иштери боюнча уюштуруучу, социалдык педагог Алмазбек кызы А. жана кружок жетекчи Сүйөрбек к Г. тарабынан окуучулар менен биргеликте (8-9-10-11-класстар) тегерек стол өткөрүлүп келет. Жыл сайын ооруну алдын алуу максатында мектепте бурч уюштурулуп, көрнөк-жарнактар илинип турат.

29-ноябрь Тогуз-Торо райондук социалдык өнүгүү башкармалыгы тарабынан, 11-класстар арасында "Үй бүлөдөгү зордук-зомбулук-келечекке сокку!" темасында дилбаяндар сынагын өткөрүшүп, сынактын жыйынтыгы менен мектептин 11-классынын окуучусу Кубанычбекова Айтегин 2-орунду камсыз кылып, акчалай сыйлык менен жана активдүү катышкандыгы үчүн ушул эле класстын окуучусу Жанарбек кызы Айназик кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланышты.

Атай айылдык китепканасы уюштурган Манас айтуу сынагында 3-класстын окуучусу Элтындиева Айтунук "Мыкты Манасчы" номинациясы менен сыйланды.

2022-жылдын башталышы менен Президенттин жарлыгы боюнча "2022-жыл Тоолордук экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы" деп жарыяланып, бул жылга карата тарбия иштери боюнча уюштуруучу А. Алмазбек кызы тарабынан иш чаранын планы түзүлдү. Иш пландын негизинде так илимдер секциясы тарабынан "2022-жыл Тоолордук экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылына" карата лозунг чыгарылып, мектептин көрүнүктүү жерине илинди. Гуманитардык илимер секциясы 2022 жылга карата КРнын климаты боюнча макет жазашты.

3-март Туунун 30 жылдыгына карата мектепте тарбия сааттар, үлгүлүү сабактар өткөрүлдү. Тарых мугалими Манапбаева К. тарабынан "Тоодо жашап сырын тапкан жылдыздын, асабасын бийик кармайм кыргыздын" деген темада кече өткөрүлдү.

15-март жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын орто, жогорку маданий окуу жайларынын арасында "Жоокер ыры" аскердик-атуулдук ырларын мыкты аткаруу боюнча 7-республикалык кароо сынагынын райондук турунда "Көркөм окуу" номинациясы боюнча 2-орунду камсыз кылгандыгы үчүн мектебибиздин 8-классынын окуучусу Асылбекова Нур сыйланды.

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде "2022-жыл-Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылына" карата "Жашыл мурас" улуттук өнөктүгүнүн алкагында КРнын Билим берүү жана илим министри А. Бейшеналиевдин буйругу менен жарыланган "Бир окуучудан бир көчөт" акциясына карата төмөндөгүдөй иштер аткарылды. 9-апрель жалпы мектептеги мугалимдер жана окуучулардын катышуусунда, мектептин аянтына жалпы 155 даана көчөт отургузулду.

| № | Көчөттүн аталышы | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Алма | 20 |
| 2 | Өрүк | 10 |
| 3 | Карагат | 25 |
| 4 | Терек | 80 |
| 5 | Карагай | 10 |
| 6 | Сирень | 10 |

Тигилген көчөттөргө суу куюп туруу жагы тех. персоналдарга тапшырылды. Азыркы күндө көчөттөрдүн 85% өнүп, 15% кандайдыр себептерден улам өспөй калды.

Май айында "Окуйбуз, издейбиз, жазайбыз!" долбоорунун райондук турунда класс жетекчиси Г. Мааткеримованын жетекчилиги менен барган 5-класстын окуучулары 3-орунду камсыздап келишти.

19-май Балдар өспүрүмдөр уюмунун 100 жылдыгы жана Балдар өспүрүмдөр чыгармачылык борборуна 47 жылдыгына карата өткөрүлгөн иш чарага мектептин "Манас" кошуну барып катышып келишти.

**Мектеп директору:** *[signature]* **Аалиев Б.**

Scanned by TapScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**

**№11 САЙМАЛУУ-ТАШ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

Индекс: 721500
Карл Маркс а. Мектеп к. №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №11 САЙМАЛУУ_ТАШ**

Индекс: 721500
с.Карла Маркса у. Мектеп №28
e-mail: 11saimaluutash@gmail.com

Карл Маркс а. с.Карл Маркс

«20» 05 2021-ж. № 128

**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде Кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү, кыргыз жазма адабиятынын баштоочуларынын бири, акын-драматруг, мамлекеттик жана коомдук ишмер, биринчи кыргыз профессору Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан жарыяланган беш айлыгына карата өткөрүлгөн иш чаралардын**

# Маалыматы

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде Кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү, кыргыз жазма адабиятынын баштоочуларынын бири, акын-драматруг, мамлекеттик жана коомдук ишмер, биринчи кыргыз профессору Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан жарыяланган беш айлыгына карата төмөндөгүдөй иш чаралар өткөрүлдү. 4-май мектеп администрациясы тарабынан иш план түзүлдү. 5-майдан баштап Кыргыз тили жана адабияты ийриминин жетекчиси Мааткеримова Г. “Касым Тыныстановго 120 жыл” аттуу бурч уюштуруп, коомдук ишмердин өмүр чыгармачылыгы, басып өткөн жолу тууралуу мектептеги окуучуларга кеңири маалымат берилди. 11-май тарых мугалими Манапбаева К. 8-9-10-11-класстын окуучуларына “Репрессияланган кыргыз баатырлары” деген темада тегерек стол өткөрүп, Касым Тыныстанов жөнүндө окуучулардын билимин жогорута алды. Кыргыз тили мугалими жана 8-класстын класс жетекчиси Мааданбекова Н. классы менен биргеликте К. Тыныстановдун 120 жылдыга карата тарбиялык сабак учурунда “Касым баскан жолдор” деген темада дил баян жаздырып, мыктыларына окуу куралдарын (калем, дептер, боек ж.б.) белек кылды.

Жалпысынан мектепте К. Тыныстановдун 120 жылдыгын белгилөөгө карата беш айлык мыкты деңгээлде өтуп жатат.

**Мектеп директору:** **Аалиев Б.**

**Окуу бөлүмүнүн башчысы:** **Эркулова З**

**Тарбия иштери боюнча уюштуруучу жана социалдык педагог:** **Алмазбек к А.**

Scanned by TapScanner

**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебининде 2020-2021-окуу жылына карата 8-февралдан 13-февралга чейин өткөрүлгөн Англис тили жумалыгынын**

# *Маалыматы*

*№11 Саймалуу-Таш жалпы билим беруучу орто мектебинде 8-февралдан 13-февралга чейин өткөрүлгөн англис тили жумалыгында төмөндөгүдөй иш чаралар өткөрүлдү.*

*"Англис тили- эл аралык баарлашуунун тили"аттуу темада англис тили мугалими Рысбекова Акчолпон тарабынан 5-11-класстар арасында ар кандай иш чаралар жана төмөндөгүдөй ачык сабактар өтүлдү.*

*9-февраль 5-класска "Furniture"*

*10-февраль 6-класска "From the farm to your table"*

*11-февраль 9-класска "Tell about yourself"*

*12-февраль "English is the language international communication" деген темада үлгүлүү сабак өтүлдү. Жалпысынан 8-февралдан 13-февралга чейин өткөрүлгөн англис тили жумалыгы уюшкандыкта белгиленип өткөрүлдү.*

***Окуу бөлүмүнүн башчысы:*** **Эркулова З.**

Scanned by TapScanner

***2020-2021-окуу жылына карата №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде 23-сентябрь Мамлекеттик тилдин мыйзамдуулунун 31 жылдыгын белгилөө максатында өткөрүлгөн "Тил менин жүрөгүмдө" онлайн акциясынын***

# *Маалыматы*

*№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде 23-сентябрь Мамлекеттик тилдин мыйзамдуулунун 31 жылдыгын белгилөө максатында "Тил менин жүрөгүмдө" аттуу онлайн акциясына иш чара түзүлдү. Түзүлгөн иш чаранын негизинде мектеп жамааты иш алып барып, класс жетекчилер жана кыргыз тили мугалимдери окуучуларга маалыматты жеткиришти. Кыргыз тили жана адабияты мугалими Мааткеримова Гүлсаада 16-сентябрь 7-11-класстарга "Кыргыз тилин данктайлы" аттуу тил жөнүндөгү ырларды көркөм окуу сынагын онлайн түрүндө уюштуруп өткөрдү. Мааткеримова Г. 18-сентябрь тил жөнүндөгү обондуу ырлардын конкурсун онлайн түрүндө өткөрүп, окуучуларды кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйлады. 8-класстын класс жетекчиси жана кыргыз тили мугалими Мааданбекова Нускайым классына "Тил улуттун байлыгы" аттуу онлайн ачык тарбия саат өттү. 23-сентябрь тарбия иштери боюнча уюштуруучу жана соц.педагог Алмазбек кызы Айнакан "Кыргыз тили кылымдарды каарыткан. Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан" аттуу дилбаяндар сынагын өткөрүп, мыкты деп табылган дилбаяндарга кызыктыруучу сыйлыктарды сыйлады.*

*Жалпысынан мектепте "Тил менин жүрөгүмдө" акциясы уюшкандыкта белгиленип, жалпы мектеп жамааты катышты. Мектептеги бардык класстарга тарбия сааттар өтүлүп, мектеп администрациясы жана кыргыз тили мугалимдери тарабынан окуучуларга ар кандай жанрдагы сынактар өткөрүлүп, кызыктыруучу сыйлыктар берилди. Кыргыз тили сабагы боюнча видеосабактар даярдалып, окуучуларга жеткирилди. "Тил менин жүрөгүмдө" онлайн акциясына көркөм окуу боюнча мектептен 11-класстын окуучусу Жыпарбекова Азема жана 7-класстын окуучусу Асылбекова Нур катышып, даярдалган видеороликтер toguztoro@list.ru whatsApp группасына салынды. Тил күнүнө карата түзүлгөн иш чара толугу менен ишке ашты.*

***Окуу бөлүм башчысы:*** ***Эркулова Зуура***

***Тарбия иштер боюнча уюштуруучу***
***жана социалдык педагог:*** ***Алмазбек кызы Айнакан***

Scanned by TapScanner


СШ №11 САЙМАЛУУ-ТАШ
ЧЫГЫШ № 116
"23" 04 2021г.

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2020-2021-окуу жылында 23-апрель "Бүткүл дүйнөлүк китеп" күнүнө карата он күндүк " Окуу фестивалынын "

## Маалыматы .

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде бул иш чара боюнча төмөндөгүдөй иштер аткарылды. Айтсак, башталгыч класстар арасында " Атам ,апам жана мен-окурман үй- бүлөбүз" жана " Мыкты окурман," " Окуу марафон", "Менин үй бүлөм китеп окуйт" аттуу иш чараларды даярдоо классы, 1-2-3-4-класстын мугалимдери, ата-энелер менен биргеликте төмөндөгүдөй иш алып барышты.

***Даярдоо классы " Мыкты окурман" аттуу ишти алып барган Эркулова Зуура Каныбековна.***





***1-класс " Атам ,апам жана мен-окурман үй- бүлөбүз" иш чарасын Жээналиева Калыгүл Шайлообековна***





***2- 3- 4-класс " Окуу марафону" Биримбаева Элмира,Жайчиева Жыпар, Турсуналиева Асел бул иш чараны өз учурунда аткарышты.***




Scanned by TapScanner


Окуган китептеринин негизинде “ Тексти аякта” “ Эгер мен автор болсом” “Китептин аягын башкача түзүп көр”аттуу эссе жана чыгармачыл жазуу иштерин





Мааткеримова Гүлсаада жана Мааданбекова Нускайым иш алып барышты.

“ Китеп баштыкчасы” эстафетасын жана кичинекей китепчелерди даярдоо боюнча Өмүрова Элмира иш аткарды.





Жогорудагы аты аталган иш чаралар өз убагында аткарылды.

Окуу бөлүм башчысы: З.Эркулова

Scanned by TapScanner

**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мекебиненин жыл жыйынтыгы боюнча маалыматы.**

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2019-2020-окуу жылынын жылдык жалпы маалыматын айтсам. Бизде окуу жылынын башынан бери мектепте төрт бирикме иш жүргүзүүдө. Айтсак, мектепте 27-сентябрда Кыргыз тилинин 30- жылдыгына карата фестиваль өткөрүлүп, райондук турга көркөм окуу тандалып алынды. Андан тышкары 25-октябрда так илимдер бирикмеси тарабынан "Мыкты билим жана тарбия -бул кең келечек" аттуу семинар болуп , мыкты сабактар тандалып алынып "Дил" газетасына Сатарова Махабат "Класссташ" газетасына Алмазбек кызы Айнакандын сабактары жазылып чыкты.Ал эми октябрдын 1 жумалыгында карылар жана мугалимдер күнүнө карата окуучулар арасында чакан концерттик программалар даярдалып,мыкты деңгээлде өттү.Ошондой эле башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин декадасы ноябрь айына коюлуп ,ачык сааттарын эң жакшы денгээлде өтүп беришти. Окуучулардын билим сапатына токтолсок, төмөнкүдөй пайыздарды түздү.

**1-чейрек 38%**

| | |
|---|---|
| 3-класс 50% | 8-класс 20% |
| 4-класс 67% | 9-класс 30% |
| 5-класс 23 % | 10-класс 44% |
| 6-класс 44% | 11-класс 43% |
| 7-класс 38 % | |

**2-чейрек 45 %**

| | |
|---|---|
| 3-класс 64% | 8-класс 36% |
| 4-класс 67% | 9-класс 30% |
| 5-класс 27% | 10-класс 55% |
| 6-класс 44% | 11-класс 57 % |
| 7-класс 42% | |

2."Аракет" олимпиадасынын райондук туруна 14 окуучу катышып, 9 окуучу 60 тан жогорку балл алып, 2 туруна 5 окуучу барып сертификаттарга ээ болушту. Ал окуучулардын ичинен республикага 2 окуучубуз 70 баллдан жогору балл алып катышууга жолдомо алды. Андан тышкары УБТнын тестине 12 окуучу катышып келишти. Мектепте предметтик олимпиадаларды өткөрүү боюнча иш чара түзүлүп, ноябрь айында биринчи баскычы мектепте өтүлүлүп ,12 окуучу "жеңүүчү" деп аталып мектептин грамоталары менен сыйланышты. Жеңүүчүлөрдү райондук олимпиадага даярдоо боюнча предметтик мугалимдерге тапшырма берилген. Жыйынтыгында кыргыз тили, тарых, география, математика, физика, биология предметтери боюнча окуучулар олимпиаданын райондук туруна катышып,тапшырмаларды ар бир бала аракет кылып аткарышты.Чындыгында быйылкы жылы олимпиаданын тапшырмалары областтан түзүлүп келгендиктен,тесттик тапшырмалардын ордуна суроого жооп берүү тапшырмалары келип, биздин даярдыгыбыз менен дал келбей калды. Ошентсе да кыргыз тили предметинен 10-классынын окуучусу Жыпарбек кызы Азема 30,2 баллга,география предмети боюнча Таалайбек уулу Мирадил 38балл,биология предметинен 9-классынын окуучусу Кубанычбек кызы Айтегин 21,5 баллга жетишип, жогорку баллга жакындашты.Тилекке каршы орундарга жетишкен жок. Андан тышкары февраль айында аңглис тил жумалыгы, манас таануу, "Бүткүл дүйнөлүк эне тил" күнүнө карата чакан кечелер жана гуманитардык илимдер бирикмесинин жумалыгы өткөрүлдү.Март айында так илимдер бирикмесинин жумалыгы өтүлүп ачык сабактарын өз учурунда өтүп беришти. Чейрек аягында жазуу иштери иштери алынып,билим сапаттары аныкталды төмөндөгүдөй болуп.

**3-чейрек**

| | |
|---|---|
| 2-класс 54 % | 6-класс 44% |
| 3-класс 64% | 7-класс 50% |
| 4-класс 67% | 8-класс 45% |
| 5-класс 45% | 9-класс 30% |

Scanned by TapScanner

10-класс 44%  11-класс 43 %

Ал эми 2019-2020-жылдын 8-апрелинен баштап өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу аралыктан окутуу жүргүзүлүп жатты. Ар жумада теледен берген сабактарга ылайыктап, мектептин ийкемдүү жүгүртмөсү түзүлүп,директор тарабынан бекитилип,мугалимдерге вотсап,почта аркылуу жеткирилип турду.Аралыктан окууга окуучулар толук катышып жатышат.Теледен берген сабактарга кошуп алдын ала түзүлгөн мектептин жүгүртмөсүнө ылайыктап предметтик мугалимдер окуучуларга тапшырмаларын убагы менен вотсап аркылуу сабактарын өтүшүп кайтарым байланыш жүргүзүп жатышты. Айрым мугалимдер мүмкүнчүлүктөрүнө жараша видео сабактарын даярдап,окуучулар менен тыгыз байланышта болушуп,окуу процессин үзгүлтүккө учуратышкан жок.

ЖРТ боюнча 11-классынын окуучуларнан үч окуучусу районго барып СЕКОМдун он күндүк курсун окуп келишти.Мындан сырткары мектептин предметтик мугалимдерине кошумча жүгүрмөсү түзүлүп балдарга учурунда сабактар өтүлдү.Быйылкы окуу жылында ЖРТга алты окуучу катышуу үчүн документтерин тапшырышты. Бүтүрүүчүлөр ЖРТга онлайын түрүндө мугалимдер жөнөткөн сайттар аркылуу дайрданып жатышат.

Бирикме ичинде жалпы маалымат боюнча төмөндөгү мугалимдер видео сабактарды жаратышты.

Гуманитардык бирикмеси:Бирикме жетекчи Манапбаева Кардыгач. Мааданбекова Нускайым, Манапбаева Кардыгач, Акбердиева Мимоза, Мааткеримова Гүлсаада видео сабактарды жаратышты.

Табият таануу жана так илимдер бирикмеси:Бирикме жетекчи Сатарова Махабат. Алмазбек кызы Айнакан, Сатарова Махабат, Аалиев Баатыр видео сабакатарды жаратышты.

Башталгыч класстар бирикмеси: Бирикме жетекчи Биримбаева Элмира. Эркулова Зуура, Осмоналиева Гүлүмкан, Биримбаева Элмира, Жээналиева Калыгүл,Жайчиева Жыпар видео сабак жаратышты.

Көркөм өнөр эстетикалык бирикмеси: Бирикме жетекчи Турапбаев Мирбек. Бапаев Камчы ж б мугалимдер видео сабак жаратышты.

2019-2020-окуу жылында 4-чейрегине карата окуучулардын билим сапаты,отличник,ударник окуучулардын саны төмөндөгүдөй болду.

| **4-чейрек** | **Жылдык %** |
|---|---|
| 2-класс 54% | 2-класс 54% |
| 3-класс 64% | 3-класс 64% |
| 4-класс 67% | 4-класс 67% |
| 5-класс45% | 5-класс 45% |
| 6-класс55% | 6-класс 55% |
| 7-класс50% | 7-класс 50% |
| 8-класс45% | 8-класс 45% |
| 9-класс30% | 9-класс 30% |
| 10-класс 44% | 10-класс 44% |
| 11-класс57% | 11-класс 57% |
| Жалпы 50% | Жылдык 50% |

Scanned by TapScanner

Отличник окуучунун саны 12/10 Отличник окуучу 12/10

Ударник окуучунун саны 37/21 Ударник окуучу 37/21

2019-2020-окуу жылынын кыскача маалыматы жогорудагыдай болду.

Окуу бөлм башчысы: З.Эркулова

Scanned by TapScanner

***№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде "21-февраль Эл аралык эне тил күнүн" белгилөөгө карата өткөрүлгөн иш чаранын***

# *Маалыматы*

*№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде "21-февраль Эл аралык эне тил күнүн" өткөрүүгө карата төмөндөгүдөй иштер аткарылды. Мектептин тарбия иштери боюнча уюштуруучусу Алмазбек к А. жана кружок жетекчиси Өмүрова Э. "Эне тил-улут жүзү" аттуу бурч уюштуруп, көрнөк жарнактарды илишти.. 15-февраль англис тили мугалими Рысбекова А. англис тили жөнүндө жалпы маалымат берип, "English is the language of communication" аттуу үлгүлүү сабак өттү. 18-февраль орус тили мугалими 6-7-класстар менен биргеликте Молдоева А. "Для всего в русском языке есть великое множетство хороших слов" аттуу ачык сабак өттү. Кыргыз тили мугалими жана 11-класстын класс жетекчиси Мааткеримова Г окуучуларды оюн ачык айтууга тарбиялоо максатында "Тил-достукка данакер" аттуу диспут сабак өттү.*

*Жалпысынан мектепте "21-февраль Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнүн" белгилөө мыкты деңгээлде болуп өттү.*

***Окуу бөлүмүнүн башчысы:*** **Эркулова З.**

***Тарбия иштери боюнча уюштуруучу***

***жана социалдык педагог:*** **Алмазбек к А.**







Scanned by TapScanner